**Жийде Мурат кызы - ЖАН ШЕРИГИМ**

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Улукмырза Полотов

Жашоомо жыргал, шаң берип,
Жүрөккө жүрөк дал келип.
Өмүрдө колдоп, таяган,
Өзүңсүң мага жан жерик.

Сезимдин арнап таттуусун,
Сенсиң го көңүл ачкычым.
Мааниси терең турмушта,
Маңдайган жазган бактысың.

Махабат менен ченегис,
Мамиле куруп келебиз.
Түбөлүк турсун кыйрабай,
Түгөйлөш сүйүү кемебиз.

Жараткан кошуп кабылган,
Жактырам артык жанымдан.
Таалайым болуп эсен жүр,
Тагдырдан тапкан табылгам.